**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**КЫЗЫЛ-ТУУ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

---

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз жыйырманчы сессиясы

ТОКТОМ № 20-1

Мундуз айылы 12-март 2026-жыл

**“Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн ардактуу атуулу” наамын ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын жана айылдык кеңештин Регламентин, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин “Ардактуу атуулу наамын ыйгаруу жөнүндө” 2015-жылдын 4-февралындагы Жобосун негиздеп, татыктуу жарандарды сунуштаган айылдык кеңештин укук, мыйзамдуулук, регламент жана этика маселелери боюнчатуруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 11-мартындагыотурумунун №13 протоколу боюнча угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XX сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл аймагынын социалдык-коомдук иштерине зор салым кошкон Бедияров Нурбек Арзибековичке “Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылсын.

2. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төраганын орун басары** **С. Нурланов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз жыйырманчы сессиясы

ТОКТОМ №20-2

Мундуз айылы 12-март 2026-жыл

**Жашасын-2 айылына таза суу скважинасын куруунга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 27-февралындагы № 01-28/461 сандуу кайрылуу катынын негизинде, айылдык кеңештин маданият, спорт жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 2-мартындагы отурумунун №11 протоколу боюнча угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XX сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Жашасын-2 айылына таза суу скважинасын курууга макулдук берилсин.

2. Мыйзам негизинде керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөттүн тиешелүү адистерине жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төраганын орун басары С. Нурланов**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**<br>**СУЗАК РАЙОНУ**<br>**КЫЗЫЛ-ТУУ**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**<br>**КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ**<br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз жыйырманчы сессиясы

ТОКТОМ №20-3

Мундуз айылы 12-март 2026-жыл

**№80 К. Төрөмаматов атындагы орто мектебине кичи футболдук аянтчасын курууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 17-февралындагы № 01-28/356 сандуу кайрылуу катынын негизинде, айылдык кеңештин маданият, спорт жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 3-мартындагы отурумунун №10 протоколу боюнча угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XX сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Талаа-Булак айылындагы №80 К. Төрөмаматов атындагы орто мектебине кичи футболдук аянтча курууга макулдук берилсин.

2. Мыйзам негизинде керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөттүн тиешелүү адистерине жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төраганын орун басары** **С. Нурланов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**КЫЗЫЛ-ТУУ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз жыйырманчы сессиясы

ТОКТОМ №20-4

Мундуз айылы 12-март 2026-жыл

**№14 К. Абдраимов атындагы орто мектебине спорттук зал куруугa макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 25-февралындагы № 01-28/435 сандуу кайрылуу катынын негизинде, айылдык кеңештин маданият, спорт жана социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 2-мартындагы отурумунун № 12 протоколу боюнча угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XX сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Соку-Таш айылындагы № 14 К. Абдраимов атындагы орто мектебине спорттук зал курууга макулдук берилсин.

2. Мыйзам негизинде керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөттүн тиешелүү адистерине жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төраганын орун басары** **С. Нурланов**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ<br>СУЗАК РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ТУУ<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>СУЗАКСКИЙ РАЙОН<br>КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ** |

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз жыйырманчы сессиясы

ТОКТОМ №20-5

Мундуз айылы 12-март 2026-жыл

**Кызыл-Туу айыл аймагынын социалдык-экономикалык өнүктүрүү планына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 9-мартындагы № 01-28/542 сандуу кайрылуу катынын негизинде, коомдоштуктардын демилгелери боюнча улуттук долбоордун (НПИС) талаптарына, СЭӨПтү иштеп чыгуу боюнча жумушчу топтун 2026-жылдын 3-мартындагы №1 протоколуна, айылдык кеңештин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 12-мартындагы отурумунун № 11 протоколу боюнча угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XX сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл аймагынын курамына кирген айылдарда жумушчу топ тарабынан өткөрүлгөн фокус топтук талкуулоонун жана айылдарда онлайн аркылуу талкуулоо жана добуш берүүнүн жыйынтыгында аныкталган көйгөйлөр жана сунуштар талкууланып, жумушчу топтун протоколундагы тизме боюнча айыл аймактын «Социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын» тийиштүү бөлүмдөрүнө №1-тиркемеге ылайык толуктоолор киргизилсин.
2. Коомдоштуктардын демилгелери боюнча улуттук долбоорунун (НПИС) алкагында каржылоо үчүн Социалдык-экономикалык өнүгүү программасынын иш-аракеттер планына ылайык төмөнкү чакан долбоор сунушталсын:
   Социалдык инфраструктуралык чакан долбоордун аталыштары:
   - «Ак-Баш айылына машина техникалык станция (МТС) уюштуруу, атайын техникаларын сатып алуусу менен»;
   - «№111 И. Стамкулов атындагы орто мектебине кичи футбол аянтчасын куруу».
3. Кызыл-Туу айыл аймагынын 2026-жылга карата социалдык экономикалык өнүктүрүү программасына (СЭӨП) толуктоолордукиргизүү долбоорун талкуулоо боюнча 2026-жылдын 3-мартындагы протоклуна негиз биргелешкен мониторинг жана баалоо тобу №1 тиркемеге ылайык бекитилсин.
4. СЭӨПтүн өзгөртүлгөн бөлүмдөрүнө ылайык иш алып баруу жагы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн тиешелүү адистерине милдеттендирилсин.
5. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төраганын орун басары** **С. Нурланов**

**1-тиркеме**

**Кызыл-Туу айыл аймагынын 2025 - 2029жылдарга карата социалдык-экономикалык өнүгүү программасына толуктоо катары киргизиле турган артыкчылыктуу көйгөйлөр.**

**3.3. Жергиликтүү коомчулуктун артыкчылыктуу муктаждыктарына анализ жүргүзүү.**

| № | Артыкчылык | Мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү | Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр |
|---|---|---|---|
| 1 | Ак-Баш айылына МТС куруу, спец техника алуу | МТС үчүн жер тилкесин аныктоо, долбоордук-сметалык документация даярдоо. Имарат куруу техникаларды сатып алуу. Техниканы ижарага берүү механизмин иштеп чыгуу жана механизаторлорду окутуу. | Айыл чарба иштери өз убагында жана сапаттуу жүргүзүлөт. Түшүмдүүлүк 15–20%га жогорулайт. Дыйкандардын чыгымы кыскарат. 5–7 жумуш орду түзүлөт. 2026–2029-жж. |
| 2 | Ак-Баш айылынынКичи кочолорго тратуар куруу | Көчөлөрдү инвентаризациялоо, долбоорлоо. Жер кыртышын даярдоо, шагыл төшөө, бетон/брусчатка жабуу, суу агызуучу системаларды орнотуу. | Жөө жүргүнчүлөр үчүн коопсуз шарт түзүлөт. Айрыкча мектеп окуучуларынын коопсуздугу камсыз болот. Жол кырсыктары азаят. 2025-жыл. |
| 3 | Ак-Баш айылына сугат суу скважина чыгаруу | Гидрогеологиялык изилдөө жүргүзүү. Скважина казуу, насос орнотуу, электр энергиясына туташтыруу. Сугат тармагын тартуу. | Кошумча 50–100 га жер сугат суу менен камсыз болот. Түшүмдүүлүк өсөт, фермерлердин кирешеси көбөйөт. 2025–2026-жж. |
| 4 | Жашасын-2 айылына Кичи футболдук аянтчасын куруу | Жер тилкесин даярдоо, тегиздөө, жасалма газон төшөө. Тосмо, жарыктандыруу орнотуу. Спорттук жабдууларды алуу. | Жаштар спорт менен туруктуу машыгат. Сергек жашоо образы калыптанат. Укук бузуулар азаят. 2025-жыл. |
| 5 | Жашасын-2 айылына Таза суу чыгаруу | Скважина казуу, суу сактагыч орнотуу, түтүктөрдү тартуу. Суу тазалоочу фильтр системасын киргизүү. | Калк сапаттуу ичүүчү суу менен камсыз болот. Суу аркылуу жугуучу оорулар азаят. 2025–2026-жж. |
| 6 | Жашасын-2 айылына Стамкулов мектебине ашкана куруу | Ашкана имаратын куруу, санитардык талаптарга ылайык жабдуу алуу (плита, муздаткыч, стол-отургуч). | 100% окуучу ысык тамак менен камсыз болот. Окуучулардын ден соолугу жана сабакка катышуусу жакшырат. 2025-жыл. |
| 7 | Жаны-Ачы айылынын ички кочолорду асфальттоо | Жолду тегиздөө, шагыл төшөө, асфальт жабуу. Суу өткөргүчтөрдү орнотуу. | Транспорттук каттам жакшыртылат. Жаан-чачында жол бузулбайт. Айылдын инфраструктурасы өнүгөт. 2025–2027-жж. |
| 8 | Жаны-Ачы айылынын Кочолорүн жарыктандыруу кундун энергиясы менен | Күн панелдүү LED чырактарды орнотуу. Мамыларды орнотуу жана аккумулятордук системаларды киргизүү. | Электр энергиясы үнөмдөлөт. Түнкү коопсуздук жогорулайт. Кылмыштуулук азаят. 2025-жыл. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 9 | Жаны-Ачы айылындагы Бала бакчаныкенейтуу | Кошумча имарат куруу же реконструкциялоо. Жаңы тайпаларды ачуу, эмерек жана окуу куралдары менен камсыз кылуу. | Кошумча 30–50 орун түзүлөт. Мектепке чейинки билимге жеткиликтүүлүк жогорулайт. 2026-жыл. |
| 10 | Кара-Көл айылына ФАП куруу | Калк алгачкы медициналык жардамды өз айылында алат. Оорулардын алдын алуу жакшырат. 2025–2026-жж. | |
| 11 | Кара-Көл айылындагы Омуралиев мектебин кап ремонт кылуу | Имараттын чатырын алмаштыруу, терезе-эшиктерди жаңылоо, жылытуу системасын оңдоо, ички жасалгалоо иштерин жүргүзүү. | Окуучулар үчүн коопсуз жана заманбап шарт түзүлөт. Имараттын эксплуатациялык мөөнөтү 15–20 жылга узарат. 2025-жыл. |
| 12 | Кара-Көл айылы Мундуз- Кара-Көл жолун асфальттоо | Жолдун негизин бекемдөө, шагыл төшөө, асфальт жабуу, суу өткөргүч түтүктөрдү орнотуу. | Айылдар аралык транспорттук байланыш жакшырат. Жүк жана жүргүнчү ташуу жеңилдейт. 2026–2027-жж. |
| 13 | Кара-Көл айылына Дрон алуу токойлор учун | Токой чарбасына дрон сатып алуу, адистерди окутуу, мониторинг системасын киргизүү. | Токой өрттөрүн эрте аныктоо мүмкүнчүлүгү жогорулайт. Жаратылыш ресурстары корголот. 2025-жыл. |
| 14 | Кызыл-Сенир айылы ФАП кенейтуу | Кошумча бөлмөлөрдү куруу, жаңы меджабдууларды сатып алуу. | Медициналык тейлөөнүн сапаты жана жеткиликтүүлүгү жогорулайт. 2025-жыл. |
| 15 | Кызыл-Сенир айылы Бала бакча куруу | Жаңы типтүү имарат куруу, санитардык нормаларга ылайык жабдуу алуу. | 60–100 балага кошумча орун түзүлөт. Мектепке чейинки билим жеткиликтүү болот. 2026–2027-жж. |
| 16 | Кызыл-Сенир айылындагы Икрам ажы, Жороев, Шамиль атындагы кочолорун асфальттоо | Ички жолдорду тегиздөө, асфальт төшөө, суу агызуучу системаларды куруу. | Жол шарттары жакшырат, транспорттук коопсуздук жогорулайт. 2025–2026-жж. |
| 17 | Кызыл-Сенир айылы Жашылдандыруу | Көчөт отургузуу, тамчылатып сугаруу системасын орнотуу, парктарды уюштуруу. | Экологиялык абал жакшыртылат, жашоочулар үчүн жагымдуу чөйрө түзүлөт. 2025–2027-жж. |
| 18 | Кызыл-Сенир айылындагы Мектепке кошумча имарат куруу | Кошумча окуу корпусун куруу, эмерек жана окуу жабдууларын алуу. | Окуу орун жетишсиздиги жоюлат. Окуу эки сменадан бир сменага өтөт. 2026-жыл. |
| 19 | Кызыл-Сенир айылынын Икрам ажы кочосун жарыктандыруу | Электр мамыларын жана LED чырактарды орнотуу. | Түнкү коопсуздук камсыз болот. Жол кырсыктары азаят. 2025-жыл. |
| 20 | Бостон айылынаСугат суу чыгаруу, скважина | Скважина казуу, насос орнотуу, сугат каналдарын тартуу. | Айдоо жерлердин аянты көбөйөт, түшүмдүүлүк өсөт. 2025–2026-жж. |
| 21 | Бостон айылындагы Кенжаев атындагы мектепке кошумча имарат куруу | Долбоор даярдоо, кошумча окуу имаратын куруу, эмерек алуу. | Окуучуларга шарт жакшырат, окуу сапаты жогорулайт. 2026-жыл. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 22 | Бостон айылына 35 шт электро столба сатып алуу | Электр мамыларын сатып алуу жана орнотуу, линия тартуу. | Көчөлөр толук жарыктандырылат. Коопсуздук жогорулайт. 2025-жыл. |
| 23 | Бостон айылынаОкуу борбору | Окуу борбору үчүн имарат даярдоо, компьютер жана жабдуу алуу, курстарды уюштуруу. | Жаштар жана аялдар кошумча кесипке ээ болот. Иш менен камсыз болуу деңгээли өсөт. 2026–2029-жж. |
| 24 | Мундуз айылынаСугат суу скважина куруу | Скважина казуу, суу чыгаруу системасын орнотуу. | Калк таза суу менен камсыз болот. 2027-2029жыл. |
| 25 | Мундуз айылына Денсолукту чындоо борборун куруу | Спорт зал куруу, машыгуу жабдууларын алуу. | Калк спортко тартылат, сергек жашоо образы өнүгөт. 2026-жыл. |
| 26 | Мундуз айылынын Бекмурзаев кочого тратуар салуу | Жөө жол куруу, бетон жабуу. | Окуучулар жана жөө жүргүнчүлөр коопсуз жүрөт. 2026-жыл. |
| 27 | Мундуз айылына Мусор кайра иштетуучу цех куруу | Цех куруу, сорттоо жана кайра иштетүү жабдууларын орнотуу. | Экологиялык абал жакшырат, 10го чейин жумуш орду түзүлөт. 2026–2027-жж. |
| 28 | Мундуз айылындагы Алтын уя бардар бакчасын кенейтуу | Кошумча имарат куруу, жаңы тайпаларды ачуу. | 3–4 кошумча орун түзүлөт. 2025-жыл. |
| 29 | Мундуз айылынаМектеп куруу | Жаңы мектеп имаратын куруу, жабдуу менен камсыз кылуу. | Заманбап шарт түзүлөт. 375 окуучуга орун. 2026–2028-жж. |
| 30 | Орто-Азия айылынаСугат суу чыгаруу | Сугат системасын куруу, скважина казуу. | Айыл чарба өндүрүшү өсөт. 2026–2028-жж. |
| 31 | Орто-Азия айылынаДенсолук чындоо борборун куруу | Спорттук объект куруу жана жабдуу алуу. | Калктын ден соолугу чыңдалат. 2027-2029-жыл. |
| 32 | Орто-Азия айылындагы Бала бакчага ашкана куруу | Ашкана имаратын куруу, жабдуу алуу. | Балдар ысык тамак менен камсыз болот. 2027-жыл. |
| 33 | Орто-Азия айылын Жарыктандыруу | LED чырактарды орнотуу. | Түнкү коопсуздук жогорулайт. 2027-2029-жыл. |
| 34 | Орто-Азия айылынаМаданият уйун куруу | Маданий борбор куруу, сахна жана үн жабдууларын алуу. | Маданий иш-чаралар активдешет. 2027–2029-жж. |
| 35 | Таштак айылынын Мектептин кочосуно тратуар салуу | Окуучулардын коопсуздугу камсыз болот. 2025-жыл. | |
| 36 | Таштак айылынын Бактылуу наристе | Кошумча корпус куруу, эмерек алуу. | Кошумча 40 орун түзүлөт. 2026-жыл. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | балдар бакчасын кенейтуу | | |
| 37 | Таштак айылынаСугат суу скважина чыгаруу | Сугат суу жеткиликтүү болот. 2025–2026-жж. | |
| 38 | Таштак айылынын Ички кочолорүн жарыктандыруу | Электр мамыларын жана чырактарды орнотуу. | Коопсуздук жана жашоо шарты жакшыртылат. 2025-жыл. |
| 39 | Талаа-Булак айылына Бала бакча куруу | Жаңы имарат куруу, толук жабдуу. | 60–80 балага орун түзүлөт. 2026–2027-жж. |
| 40 | Мундуз-Талаа Булак жол куруу асфальттоо | Жолду реконструкциялоо, асфальт төшөө, суу өткөргүч орнотуу. | Айылдар аралык каттам жакшыртылат. Соода-экономикалык байланыш өсөт. 2026–2028-жж. (№52 жол тейлөө ишканасы) |

**3.4. Социалдык жана жергиликтүү инфраструктураны өнүктүрүүгө тиешелүү бюджеттик инвестицияларга керектөөлөргө анализ жүргүзүү**

| Инвестициялык артыкчылык | Бюджети (миң сом) | Каржылоо булактары | Жооптуу тарап |
|---|---|---|---|
| 1. Кичи футболдук аянтчасын куруу | 6 000 0000 | НПИС, АРИС | Айыл өкмөтү |
| 2. МТС куруу, спец техника алуу | 33 352 500 | НПИС, АРИС | Айыл өкмөтү |

**4.3.Экономикалык өнүгүү муктаждыктары**

(артыкчылыктар жумушчу топтун протколуна ылайык баары киргизилет жана ар бир артыкчылык боюнча мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү жана күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр көрсөтүлөт)

| **Инвестициялык артыкчылыктар** | **Мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү** | **Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөрү** |
|---|---|---|
| Момолор | Айылдарда мөмө жемиштерди кайра иштетүү боюнча кызыкдар тараптарга көмөктөшүү | 2026-2030-жылдар Кайра иштетүү тармагындагы иштер жандандырылат |
| Жемиштер | Жемиштерди кайра иштетүүчү чакан цехтерди уюштурууга көмөктөшүү, сактоочу жайларды түзүү | 2026-2030-жылдары жемиштерди сактоо жана кайра иштетүү өнүгүп, жаңы жумуш пайда болот |
| Жашылчалар | Жашылча өстүрүүнү кеңейтүү, сугат системаларын жакшыртуу жана дыйкандарга үрөн, техника жагынан жардам берүү | 2026-2030-жылдары жашылча өндүрүшү көбөйүп, базарларды жергиликтүү родукция менен камсыздоо жогорулайт |

**4.4. Экономикалык өнүгүү багыттары боюнча инвестицияларга болгон муктаждыктарды талдоо**

| **Инвестициялык артыкчылык** | **Бюджети (мин сом)** | **Каржылоо булактары** | **Жооптуу тарап** |
|---|---|---|---|
| Момолор | 26 235 000 | НПИС АРИС | Айыл окмоту, Бизнес өнөктөш |

**5.3.Инклюзивдик өнүгүү муктаждыктарына анализ жүргүзүү**

| **Артыкчылык** | **Мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү** | **Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр** |
|---|---|---|
| НПИС долбоорунун алкагында «Киреше булактарын колдоо программасынын» окутууларына жана насаатчылык колдоосуна катышуу | Айылдык аймактагы аялдар, жаштар, аялуу топтор, кайтып келген мигранттар, фермерлер жана ишкерлер тобунун ишкердик жөндөмдүүлүгүн арттыруу | Айылдык аймактан 100 адамды катыштыруу жана кеминде 50% бизнес-пландарын иштеп чыгат, кеминде 30% бизнес идеясына инвестицияларды тартат |

**7.3.Экология маселелери**

| **Артыкчылык** | **Мүмкүн болгон чаралардын жалпы сүрөттөлүшү** | **Күтүлгөн натыйжа жана мөөнөттөр** |
|---|---|---|
| Жашасын 2 айылына ичүүчү таза суу скважинасын куруу жана тартуу | Скважина казуу, суу сактагыч орнотуу, түтүктөрдү тартуу. Суу тазалоочу фильтр системасын киргизүү. | Калк сапаттуу ичүүчү суу менен камсыз болот. Суу аркылуу жугуучу оорулар азаят. 2026–2027-жж. |
| Кара-Көл айылындагы токойлорду ларылоо үчүн дрон алуу | Токой чарбасына дрон сатып алуу, адистерди окутуу, мониторинг системасын киргизүү. | Токой өрттөрүн эрте аныктоо мүмкүнчүлүгү жогорулайт. Жаратылыш ресурстары корголот. 2026-2029-жыл. |
| Таштак,Орто-Азия,Кызыл-Сеңир айылдарынын ички көчөлөрүн жарыктандыруу | Электр мамыларын жана LED чырактарды орнотуу. | Түнкү коопсуздук камсыз болот. Жол кырсыктары азаят. 2026-2029-жыл. |
| Мундуз айылына Мусор кайра иштетуучу цех куруу | Цех куруу, сорттоо жана кайра иштетүү жабдууларын орнотуу. | Экологиялык абал жакшырат, 10го чейин жумуш орду түзүлөт. 2026–2027-жж. |

**4-тиркеме. СЭӨПту ишке ашыруу боюнча иш-аракеттер планы**

| **Иш-чаранын сүрөтөлүшү** | **Жооптуу** | **Ишке ашыруу мөөнөтү** | **Баасы (мин сом)** | **Каржылоо булактар** | **Мониторинг (1-жарым жылдык)** | **Мониторинг (2-жарым** |
|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | ы | | жылдык ) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **2** | **Кызматтар жана жергиликтүү инфраструктура** | | | | | | |
| | Кичи футболдук аянтчасын куруу | Айыл өкмөтү | 2026-2028 | 36 000 | НПИС, АРИС | | |
| | МТС куруу, спец техника алуу | | | | | | |
| **3** | **Экономикалык өнүгүү** | | | | | | |
| | Мөмөлөр | Айыл окмоту, Бизнес өнөктөш | **2026-2028** | **24 000,0** | **НПИС АРИС** | | |
| | | | | | | | |
| | | | | | | | |
| **4.** | **Инклюзивдик өнүгүү** | | | | | | |
| | **Киреше булактарын колдоо программасына 100 адамды катыштыруу** | **ЖТ, айыл башчысы** | **2026-2027** | **1 000,0** | **НПИС АРИС** | | |
| **5** | **Айлана чойро** | | | | | | |
| | | | | | | | |

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**КЫЗЫЛ-ТУУ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз жыйырманчы сессиясы

ТОКТОМ №20-6

Мундуз айылы 12-март 2026-жыл

**Таштак айылындагы жер аянтын бир багытынан**
**башка багытка которуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 9-мартындагы № 01-28/537 сандуу кайрылуу катынын негизинде, айылдык кеңештин айыл чарба, архитектура, курулуш, транспорт, экология жана өзгөчө кырдаалдар маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 11-мартындагы отурумунун № 9 протоколу боюнча угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XX сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Таштак айылынын Осумбек-Булак участкасындагы №87 жана №12 контурларында жайгашкан 7,6 га жайыт жер аянтына ат майдан куруу максатында «Айыл чарба багытындагы жерлери» категориясынын жайыт жерлери түрүнөн «Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргонуунун жерлери жана башка багыттагы жерлери» категориясына которууга макулдук берилсин.

2. Ушул токтомду колдоп берүү жагы Сузак райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.

3. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д.Бокошовго милдеттендирилсин.

4. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төраганын орун басары** **С. Нурланов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**КЫЗЫЛ-ТУУ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз жыйырманчы сессиясы

ТОКТОМ №20-7

Мундуз айылы 12-март 2026-жыл

**Жер аянтын пайдаланууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 11-мартындагы № 01-28/574 сандуу кайрылуу катынын негизинде, айылдык кеңештин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 12-мартындагы отурумунун №11 протоколу боюнча угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XX сессиясы **токтом кылат:**

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн аймагындагы Сузак райондук мамлекеттик администрациясынын 2023-жылдын 29-сентябрындагы № 242-б буйругу менен Кызыл-Туу айыл өкмөтүнө мөөнөтсүз пайдаланууга берилген 3-05-07-0033-1209 сыр белгисиндеги жалпы 58,0 га жер аянтынын 24,0 га башка (прочие) жерлер болгон жер аянтын бир жылдык мөөнөткө “Кызыл-Туу кызмат” муниципалдык ишканасынын пайлануусуна берүүгө макулдук берилсин.

2. “Кызыл-Туу кызмат” муниципалдык ишканасынын ишмердүүлүгүн көзөмөлгө алуу Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Д. Бокошовго милдеттендирилсин.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төраганын орун басары** **С. Нурланов**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**КЫЗЫЛ-ТУУ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезексиз жыйырманчы сессиясы

ТОКТОМ №20-8

Мундуз айылы 12-март 2026-жыл

**№101 И. Стамкулов атындагы орто мектебине кичи футболдук аянтчасын курууга макулдук берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамына ылайык, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 9-мартындагы № 01-28/542 сандуу кайрылуу катынын негизинде, айылдык кеңештин экономика, инвестиция, муниципалдык менчик жана ишкердикти өнүктүрүү маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 12-мартындагы отурумунун № 11 протоколу боюнча угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XX сессиясы **токтом кылат:**

1. Жашасын-2 айылындагы №101 И Стамкулов атындагы орто мектебине кичи футболдук аянтча курууга макулдук берилсин.

2. Мыйзам негизинде керектүү иш кагаздарын даярдоо жагы айыл өкмөттүн тиешелүү адистерине жүктөлсүн.

3. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төраганын орун басары** **С. Нурланов**